**Веб-плакаттардын «Ар бир үйгө тынчтык уяласын» аталышында республикалык конкурсун өткөрүү жөнүндө**

**ЖОБО**

1. **Максаты жана милдеттери:**

- Атуулдук жана жарандыкка, сый-урмат көрсөтүү жана сыймыктанууга, ынтымактуу болууга, өз ара түшүнүшүүнү, өз ара колдоо көрсөтүүнү жана Кыргызстанга болгон сүйүүсүн сезүүсүнө тарбиялоо;
- Балдардын кабардар болуу компетенттүүлүгүн калыптандыруу.
- Көрүү аркылуу кабыл алган сабаттуулугун түптөө.

2. **Конкурстун уюштуруучулары**

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги;
«Алтын түйүн» Улуттук балдар инженердик-техникалык академиясы.

3. **Конкурсту өткөрүүнүн убактысы, дареги**

- Конкурс 2022-жылдын 30-сентябрынан 2022-жылдын 20-ноябры аралыгында өткөрүлөт. Эмгектер «Алтын түйүн» УБИТА дарегине 2022-жылдын 20-ноябрына чейин жөнөтүлөт.
- Электрондук дареги: poster@rdita.kg. Электрондук почта аркылуу жөнөтүлгөн эмгектер, «Конкурска» деген темада жөнөтүлүүгө тийиш (болбосо каттар ачылбаган бойдон калат).

4. **Конкурстун катышуучулары**

Конкурска 7 жаштан 17 жашка чейинки, мектептерде, мектептен тышкары кошумча билим алуу мекемелеринде жана балдар билим берүү борборлорунда билим алган балдар, өспүрүмдөр жана жаштар катыша алышат.

Эмгектер 3 жаш курактык категория боюнча бааланат:
1) 7-9 жаш
2) 10-13 жаш
3) 14- 17 жаш

5. **Эмгектерге коюлган талаптар:**

Конкурска сунушталган эмгектер, кайсы болбосун компьютердик технологияны колдонуу менен түзүлүшү мүмкүн: тексттик, графикалык редакторлор, видеомонтаждын программалары (Word, Paint, Power Point, CorelDraw, PhotoShop, Movie Maker и т.д.), программалоо (компилирленген exe, bat, com программалары). Эмгектер конкурстун темасына жана аткаруунун сапатына жараша бааланат.

**Конкурска эмгектер, үгүттөө маалыматын, өзүнүн урааны, чакырыгы болууга тийиш.**

Төмөнкү оң бурчуна кийинкидей маалыматтар милдеттүү түрдө көрсөтүлүүгө тийиш: **фамилиясы, катышуучунун аты, жаш курагы, мектеби, классы, дареги; эгер эмгек жамаат менен аткарылса – чыгармачыл топтун аты, жана андагы катышуучулар жөнүндө бардык маалыматтар көрсөтүлөт. Шрифттин өлчөмү – 12ден ашпоого**

Электрондук версиялары же конкурстук эмгекти камтыган файлды алмаштырган жабдууларга шилтеме гана кабыл алынат. Мыкты эмгектер дипломдор жана баалуу белектер менен сыйланат.

**Вирустук эмгектер конкурска катышууга кабыл алынбайт!**